КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН

БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

И.РАЗЗАКОВ АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ МАМЛЕКЕТТИК ТЕХНИКАЛЫК УНИВЕРСИТЕТИ

# И.Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университетинин 2019-2020- окуу жылына кабыл алуу

# ЭРЕЖЕЛЕРИ

БИШКЕК – 2019

«МАКУЛДАШЫЛДЫ»

Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлиги

"_____" _______________ 2019 г.

«БЕКИТЕМ»

И.Раззаков атындагы КМТУ

проф. Джаманбаев М.Дж.

"_____" _______________ 2019 г.

И.Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университетинин (КМТУ) 2019-2020-окуу жылына мамлекеттик грант жана контрактык негизде **кабыл алуу эрежеси** негизги нормативдик документ болуп эсептелип, анын негизинде:

- документтер кабыл алынат;
- гранттык жана контрактык окуу формаларына орундарды конкурстук бөлүштүрүүнү уюштурат, жана ошондой эле кабыл алууда ЖРТнын жыйынтыгын талап кылбаган даярдоо багыттарга кабылдоодо абитуриенттин билим деңгээлин аныктайт;
- унаа жана машина куруу факультетине, энергетикалык факультетине, технологиялык факультетине, маалыматтык технологиялар факультетине, Кыргыз-Герман техникалык институтуна (КГТИ), Биргелешкен программадагы билим беруу институтуна (БПБИ), Электроника жана телекоммуникация институтуна (ЭжТИ), Башкаруу жана бизнес институтуна (БжБИ), Ү.Асаналиев атындагы тоо иштери жана тоолордогу технологиялар институтуна, КМТУнун Токмок шаарындагы филиалына, КМТУнун Кара-Балта шаарындагы филиалына, КМТУнун Кызыл-Кыя шаарындагы филиалына, КМТУнун Кара-Көл шаарындагы филиалына, И.Раззаков атындагы КМТУнун политехникалык колледжине абитуриенттерди киргизет.

Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университетине кабыл алуу эрежеси төмөндөгү нормативдик документтердин негизинде түзүлдү:

- “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына кабыл алуу тартиби” (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылынын 28 – мартдагы №157-токтому менен бекитилген);
- “Кыргыз Республикасынын жогорку окуу жайларына абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча тандоо жана киргизүү жөнүндөгү жобосу” (Кыргыз

Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылынын 28 – мартдагы №157-токтому менен бекитилген);

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жогорку окуу жайларында студенттерди мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде окутуу боюнча жобосу" (Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылынын 28 – мартдагы №157-токтому менен бекитилген);
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин (ББжИМ) "Адистиктердин тизмесин бекитүү жөнүндө" 2018-жылынын 8-январдагы №4/1 буйругу;
- Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министирлигинин (ББжИМ) "2018/2019-окуу жылына абитуриенттерди тандоо турларын жана кабыл алууну өткөрүү графиктерди бектүү жөнүндө" 2018-жылынын 5-апрелинде №410/1 буйругу.

## 1. Жалпы жоболор

1.1. И.Раззаков атындагы Кыргыз Мамлекеттик Техникалык Университети студенттерди кабыл алууну төмөндөгү формалар боюнча жүргүзөт:

- ББжИМ буйругуна ылайык даярдоо багыттарына жана жогорку кесиптик билим берүү адистиктерине мамлекеттик билим берүү гранттарынын негизинде бюджеттик окуу формасына;

- даярдоо багыттарына жана жогорку кесиптик билим берүү адистиктери боюнча жогорку билим алуу үчүн түзүлгөн КМТУ менен жеке же юридикалык тараптардын келишиминин негизинде акы төлөп окуу формасына.

1.2. Кыргыз Республикасынын "Билим берүү" жөнүндөгү мыйзамына ылайык КМТУнун 1-курсуна тапшырууга конкурстун негизинде орто билими, орто кесиптик билими жана жогорку билими (эгер билим берүү грантынын негизинде тапшырам десе жогорку кесиптик билим биринчи жолу алынат деген шартта) бар Кыргыз Республикасынын жарандары жана башка өлкөлөрдүн кыргыз улутундагы жарандары укуктуу.

1.3. Казакстандын, Россиянын, Белорусиянын жана Тажикстандын жарандары "Келишимге катышуучу мамлекеттердин жарандарына экономика жана гуманитардык чөйрөлөрүндө окууга тапшыруу интеграциясын тереңдетүү максатында тең укуктуулукту камсыздоо (1999ж.)" макулдашуусунун негизинде тапшырып:

- мамлекеттик билим берүү гранты боюнча КМТУнун даярдоо багыттарынан кесиптик жогорку билим алууга конкурстук негизде жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча тапшырууга жана контрактык окуу формасынын негизинде кесиптик жогорку билимди алууга укуктуу.

1.4. Башка өлкөлөрдүн жарандары:

- КМТУнун бюджеттик окуу формасына мамлекет аралык жана өкмөт аралык макулдашуулардын жана келишимдердин негизинде;

- КМТУнун контрактык окуу формасына КМТУ менен жеке же юридикалык тараптардын ортосундагы келишимдин негизинде кабыл алынат.

1.5. Чет элдик жарандар КМТУнун кабыл алуу комиссиясына Кыргыз Республикасынын мамлекеттик орто билими, орто кесиптик билими жана жогорку билими тууралуу документтерине теңдеш болгон, билимин тастыктаган документти тапшырышы керек. Билимин тастыктаган документтердин теңдештигин КР ББжИМ аныктайт.

1.6. Чет элдик жарандар талапка жооп берген баардык документтерди (орто мектепти бүтүргөндүгү тууралуу аттестат, паспорт, виза, медициналык маалымдама) тапшыруу менен жалпы негизде кабыл алынат.

1.7. Абитуриенттердин КМТУнун Уставы, билим берүү лицензиясы жана мамлекеттик аттестациянын сертификаты менен таанышууга акысы бар. Андан тышкары КМТУне кабыл алуу эрежелери, кабыл алуу сынактарын өткөрүү шарттары, документерди тапшырууга тиешелүү маалыматтар жана мамлекттик билим берүү гранттарынын конкурстук бөлүштүрүлүшү жөнүндөгү маалыматтар менен таанышууга укуктуу.

1.8. Контрактык формада окууга тапшырууда кабыл алуу комиссиясы абитуриентти түзүлүүчү келишим, окуу процессинин жүрүшүндөгү өз ара милдеттери, окуунун наркы жана канча төлөөрү менен тааныштырышы керек.

1.9. КТМУнин факультеттерине жана институттарына абитуриенттер үчүн кызмат көрсөтүүлөргө тариф боюнча акы төлөмдөр КМТУнун кабыл алуу комиссиясынын кассасына төлөнөт.

1.10. КТМУнин факультеттеринин жана институттарынын биринчи курсуна тапшырганда окуу төлөмдөрү КМТУнун кассасына төлөнөт.

1.11. Тиешелүү орто кесиптик билими бар абитуриенттердин жогорку кесиптик билимди тиешелүү профилге тапшыруу менен тездетилген программанын негизинде (контрактык негизде) алууга мүмкүнчүлүктөрү бар.

1.12. Жогорку кесиптик билими бар абитуриенттер экинчи жогорку билимди тездетилген программанын негизинде (контрактык негизде) өзүнчө тайпа чогулса 1-курска кабылдануу менен, болбосо тандалган адистик боюнча сабактардын академикалык айырмасын тапшыруу менен тиешелүү курска киргизилет.

## 2. Төлөп окуу формасына документтерди кабыл алуу тартибы

2.1. Документти кабылдоо кабыл алуу комиссиясындагы тиешелүү техникалык комиссиясы компьютерге толтурган жарандын өзүнүн арызынын негизинде жүргүзүлөт.

Документти тапшырууда абитуриент өздүгүн жана жарандыгын тастыктаган документин, аскердик жоопкерчилиги жөнүндөгү күбөлүк же аскердик билетин (күндүзгү окуу формасына тапшырган учурда) көрсөтүүгө тийиш. Арыздан тышкары төмөндөгү документтер тапшырылышы керек:

- зарылчылыкка жараша ЖРТнын сертификаты;

- жалпы орто, орто кесиптик же жогорку кесиптик билимин тастыктаган документ (тапшырууга бул документтердин КМТУнун кабыл алуу комиссиясы тарабынан күбөлөндүрүлгөн көчүрмөсү)

- 3х4 өлчөмүндөгү 6 сүрөт.

2.2. Эгер абитуриент КМТУнун кабыл алуу эрежелеринде каралган жеңилдетүүлөргө ээ болгусу келсе кошумча документтерди (жеңилдиктери жана кепилдиктери согуштун катышуучуларына жана согуштун майыптарына теңдеш болгон I, II топтогу майыптары, бала кезинен майыптар, майып балдары, томолой жетимдер, ата-энесинен кароосуз калган балдар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жеңилдиктер каралган запаска бошотулган аскер кызматкерлери, “Кыргыз Республикасынын спорт мастери” жана “Кыргыз Республикасынын эл аралык класстагы спорт чебери” наамы барлар, 2019-жылдагы мектеп олимпиадалык дипломдор) тапшырышы керек.

2.3. Күндүзгү окуу формасына 2019–жылдын 20-июнунан 25 августуна чейин жана тыштан окуу контрактык окуу формасына 2019–жылдын 20-июнунан 30 августуна чейин документтерди тапшыруу жүргүзүлөт.

2.4. Техникалык комиссияга документтерди тапшырып жана абитуриенттер үчүн кызмат көрсөтүүлөргө тариф боюнча акы төлөмүн төлөгөндүгү жөнүндөгү квитанциясын көрсөткөндөн кийин абитуриентке документтер кабыл алынганы тууралуу тил кат берилет.

## 3. КМТУнун гранттык комиссиясы КМТУга киргизүүгө көргөзмө берген абитуриенттердин документтерин кабыл алуу тартиби

3.1. Босого баллдан жогору баллы бар жалпы республикалык тестирлөөнүн сертификаты бар абитуриенттерди каттоо Гранттык комиссия тарабынан КР ББжИМ тарабынан бекитилген мөөнөттө жүргүзүлөт.

3.2. Гранттык комиссия КМТУга киргизүүгө көргөзмө берген абитуриенттердин тизмеси кабыл алуу комиссиясынын маалымат тактасына илинген күндөн баштап, эки күн бою абитуриент КМТУда окуй тургандыгын бышыктоо үчүн тиешелүү факультеттин кабыл алуу комиссиясына документтерин тапшырышы жана бюджеттик окуу формасындагы келишимди толтуруушу керек.

3.3. Документтерди кабыл алуу абитуриенттин өзү тарабынан кабыл алуу комиссиясынын тиешелүү факультетинин техникалык комиссиясынын компьютеринде толтурулган арыздын негизинде жүргүзүлөт. Абитуриент КМТУне кабыл алуусун өтүнгөн арыз берүүдө өздүгүн жана жарандыгын тастыктаган жана аскердик жоопкерчилиги жөнүндөгү күбөлүк же аскердик билетин көрсөтүп, төмөндөгү документтерди тапшырат:

- Жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынын баллын билдирген сертификаттын түп нускасы;

- Жалпы орто, кесиптик орто же жогорку билими тууралуу документтердин түп нускасы;

- 3х4 өлчөмүндөгү 6 сүрөт.

3.4. Техникалык комиссияга документтерди тапшырып жана абитуриенттер үчүн кызмат көрсөтүүлөргө тариф боюнча акы төлөмүн төлөгөндүгү жөнүндөгү квитанциясын көрсөткөндөн кийин абитуриентке документтер кабыл алынганы тууралуу тил кат берилет.

## 4. КМТУнун жана анын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн акы төлөп окуу формасына кабыл алуу, киргизүү тартиби жана апеляциялоо

4.1. КМТУнун бардык окуу формасына окутуу наркын төлөө келишими боюнча абитуриенттерди киргизүү жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынын негизинде гана жүргүзүлөт. Эгер абитуриентте босого баллдан жогору баллы бар сертификат болсо, кабыл алуу комиссиясы анын конкурска катышуусуна тоскоолдук кыла албайт.

4.2 Контрактык окуу формасындагы жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы талап кылынбаган профилге тапшырууда, абитуриенттин билим деңгээли, кыргыз жана орус тилдериндеги бланкалык тестирлөөнүн жардамы менен же аңгемелешүүнүн негизинде текшерилет.

4.3. Окуу наркын төлөө келишими каралган орундарга конкурс өткөрүү мөөнөтү жана тартиби, гранттык орундарга жүргүзүлгөн турлардын мөөнөтү жана тартибине дал келет. Абитуриент өз каалоосу боюнча сертификаттын контрактык окуу формасы үчүн каралган кесилме талоонун колдоно алат. Конкурста абитуриенттердин категориясына карабастан жогорку баллдары бар абитуриенттерге көргөзмө берилет.

Жалпы республикалык тестирлөөдөгү кошумча предметтик баллды талап кылуучу адистиктер жана багыттардын окуу наркын төлөө келишиминин негизинде окуу формасына тапшыруу үчүн конкурска предметтик баллы бар абитуриент менен катар эле предметтик баллы талапка жооп бербеген, бирок негизги баллы босого балдан жогору абитуриенттер да катышууга укуктуу. Бирок киргизүүдө предметтик тестин жыйынтыгы бар абитуриенттер алынган оорундардан тышкаркы оорундарга гана негизги тестин гана жыйынтыгы бар абитуриенттер киргизилет.

4.4. Жогорку окуу жай чет мамлекеттин жарандары үчүн жана жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы талап кылынбаган адистик жана багыттык даярдоолор үчүн гана кирүү сынагын өткөрө алат.

4.5. Чет мамлекеттердин жарандары үчүн кирүү сынактары аңгемелешүү же бланктык тестирлөө формасында өтөт.

4.6. Киргизүү сынактары жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыктыгы боюнча тандоо турлары өткөрүлгөн убактарда өткөрүлүшү мүмкүн.

4.7. Экинчи жана кийинки курстарга кабыл алуу конкурсу, ошондой эле которуу аттестациялык текшерүүнүн негизинде аңгемелешүү бүтүрүүчү кафедранын башчысынын катышуусунда өткөрүлөт

4.8. "Дизайн" даярдоо багытына кабыл алууда бланкалык тесттен (математика жана кыргыз/орус тили) тышкары, сүрөт жана композиция боюнча чыгармачылык сынагы өткөрүлөт. "Костюм искусствосу жана текстиль" даярдоо багытына тапшырууда жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгынан тышкары чыгармачылык сынактары 2019-жылдын 10-июлунан 25-августуна чейин жүргүзүлөт.

Босого баллдан жогору баллы бар абитуриенттер сүрөт жана композиция боюнча экзаменге уруксат алышат. Бул багыт боюнча абитуриенттер арасында конкурс жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы менен бирге ички сынактын жыйынтыгы да балл боюнча ирээтөө тизмесине ылайык, кабыл алуу комиссиясынын председатели тарабынан бекитилген инструкцияда келтирилген коэффициенттин негизинде жүргүзүлөт.

4.9. Адистиктерге жана даярдоо багыттарына контрактык формада тапшырууда конкурс болуп калса, киргизүүгө көргөзмө берилген абитуриент кийинки комиссиянын отурумуна чейин окуунун наркынын жарым суммасын төлөшү керек. Эгер айтылган убакытка чейин төлөнбөсө ал орундар вакантттык орун болуп, кийинки турдагы конкурска чыгат.

4.10. Киргизүү сынагынын жыйынтыгы боюнча апелляцияга жазылган арыз техникалык комиссия тарабынан, жыйынтык илингенден кийин бир күн ичинде кабыл алынып, кийинки күндө каралат.

4.11. Биринчи турда киргизүүгө көргөзмө берилбеген абитуриенттер кийинки турдагы кирүү сынактарына катышууга укуктуу.

4.12. Кирүү сынагын өткөрүү ирээти кабыл алуу комиссиясынын төрагасы тарабынан бекитилип, кабыл алуу комиссиясынын маалымат тактасына илинет.

4.13. Экинчи жогорку билимди (бардык окуу формалар боюнча) алууну каалаган жарандар үчүн кирүү сынагы тандаган багытынын профилдик сабагы боюнча аңгемелешүү формасында жүргүзүлөт.

4.14. Тездетилген программанын негизинде окууну каалаган, тиешелүү адистик боюнча орто адистик билими бар абитуриенттерди киргизүү жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча (босого баллдан жогору болсо) же аңгемелешүү формасында өткөрүлгөн сынактын жыйынтыгы боюнча жүргүзүлөт.

4.15. Кирүү сынагынын конкурска катышууга мүмкүнчүлүк берүүчү босого баллы кабыл алуу комиссиясы тарабынан ар башка багыттар үчүн ар кандай болуп алдын ала бекитилет.

## 5. Акы төлөп окуу формасына киргизүү ирээти

5.1. Кыргызстандын жана 1.3. пункуттагы мамлекеттердин жарандарын акы төлөп, күндүзгү формада окууга киргизүү 2019-жылдын 25-августуна чейин, ал эми акы төлөп окуунун башка формаларына окууга киргизүү 2019-жылдын 30-августуна чейин жүргүзүлөт.

5.2. Акы төлөп окуу формасына киргизүү кабыл алуу комиссиясы тарабынан киргизүү сынактарын ийгиликтүү өткөндөн кийин жана жылдык төлөмдүн 50 %дан кем эмес бөлүгүн төлөгөндөн кийин гана жүргүзүлөт.

5.3. Абитуриенттерди жалпы республикалык тестирлөөнүн жыйынтыгы боюнча студенттердин катарына киргизүү тестирлөөнүн жыйынтыгы жөнүндөгү сертификаттын түп нускасын тапшыргандан кийин, сертификаттагы балл билимди баалоо жана окутуу усулдары борбору тарабынан тастыкталып келгенден кийин гана жүргүзүлөт.

5.4. Жогорку билими бар абитуриентти акы төлөп сырттан окуу формасына киргизүү академикалык айырманы аныктоо менен тиешелүү курска (семестр) жүргүзүлөт.

5.5. Киргизүү боюнча кабыл алуу комиссиясынын иштөө ирээти кабыл алуу комиссиясынын маалымат тактасына илинип, такталып турат.

5.6. Окутуу наркын төлөө келишиминин негизинде жетиштүү баллы бар төмөндөгү абитуриенттер конкурстан тышкары киргизилет:

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан жеңилдиктер каралган запаска бошотулган аскер кызматкерлери;
- 18 жашка чыга элек (ушул жылдын 1 октябрына чейин) томолой жетимдер жана ата-энесинен кароосуз калган балдар;
- Медицина кызматкерлери тарабынан ЖОЖ тиешелүү адистигинде окуу ден соолугуна зыян алып келбестигин тастыктаган документи бар майыптар;
- Үстүбүздөгү жылда тандаган адистиги боюнча профилдик предметтен эл аралык жана республикалык олимпиадалардын жеңүүчүсү (1-3 орун) деп табылган абитуриенттер.

5.8. Жогорку окуу жайга тапшырууга даярдоо курстарынын угуучулары жалпы негизде кабыл алынат.

## 6. Кабыл алуу комиссиясы

6.1. Кабыл алуу комиссиясы КТМУнин бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнүн ар кандай программалары боюнча негизги жана экинчи жогорку билимди алуу үчүн документтерди кабыл алуу менен бирге, кирүү сынактарын өткөрүп, абитуриенттерди тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөргө киргизет.

6.2. КМТУнун түзүмдүк бөлүмдөрүнө документтерди кабыл алуу жана киргизүү тиешелүү түзүмдүк бөлүмдөрдүн кабыл алуу комиссиясы тарабынан жүргүзүлөт.

КМТУнун бардык түзүмдүк бөлүмдөрүнө акы төлөп окуу формасына киргизүү сынактары кабыл алуу комиссиясынын секретариаты тарабынан техникалык комиссиясынын катышуусу менен жүргүзүлөт.

6.3. Кабыл алуу комиссиясы 2019-жылдын 25-августуна чейин гранттык жана контрактык киргизүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча 2019-жылдын 15-сентябрына чейин КР ББжИМне отчет берет.

Кабыл алуу комиссиясынын жооптуу катчысы А.А.Самсалиев